КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

VII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз I сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 22 - апрели, № 1/1

Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасына жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн алкагында Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин "Кыргызмамжердолбоор" мамлекеттик ишканасы тарабынан түзүлгөн Ылай-Талаа айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасын карап чыгып, жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши төмөнкүдөй чечим кабыл алды:

1. Ылай-Талаа айыл аймагы менен Кара-Кулжа айыл аймагынын ортосунда талаштуу маселелер жаралгандыгына байланыштуу Ылай-Талаа айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасына макулдук берилбесин.

2. Ылай-Талаа айыл аймагы менен Кара-Кулжа айыл аймагынын ортосундагы талаштуу маселелер боюнча тиешелүү мекемелер менен иш алып барып жыйынтыгы боюнча корутунду маалымат берүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин алдында түзүлгөн депутаттык комиссияга тапшырылсын.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кара-Кулжа жергиликтүү мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Төрага **А.Кадыркулов**